**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**МАГИСТРАТУРА**

ТалМУнун Окумуштуулар
Кеңешинде бекитилди
Протокол № 3
"26" октябрь 2021-ж.

БЕКИТЕМ
ТалМУнун ректору
________ А.Ш.Упенов
"26" октябрь 2021-ж.

# МАГИСТРАНТТАРДЫ ДАЯРДОО ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**ТАЛАС - 2021**

**МАГИСТРАНТТАРДЫ ДАЯРДОО ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

**Магистратура -** бул өзүнүн максатына жана милдеттерине ээ болгон көп деңгээлдүү университеттик билим берүү системасынын жыйынтыктоочу академиялык даражасы. Заманбап билим берүүдө магистр даражасы илимий-изилдөө, илимий-педагогикалык ишмердүүлүккө багытталган бакалавр даражасынан кийинки илимий жогорку деңгээлдеги даража.

**Магистр** - илимий чыгармачылыктын методологиясын, заманбап маалыматтык технологияларды билген, изилдөө, консультациялык, аналитикалык ишмердүүлүктө даярдалган кеңири эрудит адис .

## 1. Жалпы жобо

1.1 ТалМУда магистрдик даярдык кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырат жана толук жогорку билим берүүнүн жыйынтыктоочу деңгээли болуп саналат.

1.2 Магистрдик программалар - профилдик багытка ылайык тереңдетилген билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандырган жана ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүк үчүн тиешелүү компетенцияларга ээ кылган, андан ары аспирантурада билимин улантууга мүмкүнчүлүк берген жогорку билим берүү системасындагы негизги билим берүү программалары.

1.3 Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө Мыйзамынын (30-апрель 2003-ж. №92), Кыргыз Республикасындагы жогорку билим берүүнүн көп деңгээлдүү түзүмү, жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик документтери, ТалМУнун Уставынын негизинде иштелип чыккан.

1.4 Жобо магистрлерди даярдоонун жалпы принциптерин, магистрдик программаларды бекитүүнүн жана ишке ашыруунун тартибин, аларды жетектөөнү, магистратурага тапшыруунун жана Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү эрежелерин аныктайт.

1.5 Магистратура ТалМУнун билим берүү системасынын бир бөлүгү болуу менен тиешелүү деңгээлдеги кесиптик билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыздаган, тереңдетилген фундаменталдык жана атайын даярдыктарды талап кылган, инновациялык ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүнө багытталган жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо жана билим берүүдө академиялык мобилдүүлүктү камсыз кылуу максаты менен жогорку кесиптик билим берүүнүн түзүмүнө киргизилген.

1.6 Магистрдик даярдыктын мазмундуу бөлүгү түзүмдүк бөлүмдөрдүн кафедраларында кафедранын кадрдык потенциалын, окуу-лабораториялык базасын, окуу жана илимий маалымат булактарын пайдалануу менен ишке ашырылат.
1.7 Күндүзгү магистратурада окутуунун ченемдик мөөнөтү 2 жыл. Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы магистратуранын негизги билим берүү программасынын (мындан ары - НББП) эмгек сыйымдуулугу 60 зачеттук бирдикке барабар (бир зачеттук бирдик 30 академиялык саатка туура келет).
1.8 Магистратурада кыскартылган программалары боюнча жогорку билим алууга жол берилбейт.
1.9 ТалМунун магистратурасына кабыл алуу, калыбына келтирүү, магистратурага которуу жана андан чыгаруу тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана ЖОЖдун ченемдик документтери менен аныкталат.
1.10 ТалМУнун ОК чечиминин негизинде Жобого толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жол - жоболору белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.
1.11. Магистратуранын ишмердүүлүгүнүн жалпы жетекчилигин ТалМУнун ректору же анын тапшырмасы боюнча окуу иштери боюнча биринчи проректор ишке ашырат, ал эми магистратуранын уюштуруу иштери магистратура бөлүмүнүн жетекчисине жүктөлөт.

## 2. Магистратуранын максаттары жана милдеттери

2.1 Бул Жобо магистрдик программанын максаттарын жана уюштурулушун белгилейт.
**Магистратуранын максаты:** жогорку квалификациялуу, атаандаштыкка жөндөмдүү, илимдин, билим берүүнүн жана өндүрүштүн тиешелүү областарында өз алдынча изилдөө иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү болгон илимдин магистрин даярдоо болуп саналат.
**Магистратуранын негизги милдеттери:**
- жогорку билим берүүнүн мурунку тепкичтерине ээ болгон фундаменталдык билимдердин негизинде тандалып алынган илимдин жана педагогикалык ишмердүүлүктүн багыты боюнча магистрлерди өз алдынча теориялык жана практикалык жактан илимий негизде терендетип даярдоо;
- изилдөө, эксперименталдык жана чыгармачылык иштердин ыкмаларын өздөштүрүү;
- магистранттардын теориялык, практикалык жана өз алдынча даярдыгын тереңдетүү, окуп жаткандарга толук жана сапаттуу кесиптик жана илимий-

педагогикалык билим алуу, алардын кесиптик компетенттүүлүгүнө жетишүү үчүн шарттарды камсыз кылуу;

- магистранттар тарабынан интеллектуалдык өнүгүүнүн жогорку деңгээлин камсыз кылуучу өтө маанилүү жана туруктуу билимдерди өздөштүрүү, адеп-ахлактык, этикалык жана укуктук ченемдерине ээ кылуу, ой жүгүртүү маданиятын өздөштүрүү, заманбап илимий жана практикалык проблемаларды иштеп чыгууга жана чечүүгө, педагогикалык, илимий-изилдөө иштерин жана башкаруу ишмердүүлүгүн ийгиликтүү жүргүзүүгө жөндөмдүү демилгенин жана инновациянын чыгармачыл потенциалдарын өнүктүрүү.

Магистранттар магистратурада окуган мезгилинде окутуунун белгиленген мөөнөттөрүндө төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

- окуу программасын толугу менен;
- жеке планга ылайык илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү;
- магистрдик диссертацияны жазуу жана коргоо.

## 2.2. Адистештирилген магистрдик программага жалпы талаптар

2.2.1 Магистрдин кесиптик адистигин аныктаган адистештирилген магистрдик программа багыттын актуалдуу, ири илимий көйгөйүн чагылдырат жана билим берүү, атайын жана илимий-изилдөө магистрдик даярдыгынын мазмунунун жана деңгээлинин милдеттүү минимумуна жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптарды камтыйт.

2.2.2 Магистрдик программа көлөмү боюнча бирдей эки компонентке ээ болгон адистештирилген магистрдик окутуу программасынан турат: билим берүү жана илимий изилдөө.

2.2.3 Университеттин кафедралары жана магистратура бөлүмү белгиленген тартипте ишке ашырылуучу жаңы магистрдик программаларды ачууга укуктуу.

2.2.4 Магистрдик программа документ катары төмөнкү бөлүктөрдөн турат: 1. Аннотация. Магистрдик программанын аннотациясы кафедранын илимий изилдөөлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен анын көйгөйлүү чөйрөсүн сүрөттөйт.

2. Магистрдик программанын окуу планы. Окуу план магистрдик программанын билим берүү жана изилдөө бөлүктөрүнүн мазмунун аныктайт.

2.2.5. Программанын билим берүү бөлүгү дисциплиналардын төмөнкүдөй милдеттүү циклдерин камтыйт:

- гуманитардык жана социалдык - экономикалык дисциплиналар;
- математикалык жана табигый - илимий дисциплиналар;
- багыттоо дисциплиналары: тандоо боюнча дисциплиналар;

- атайын дисциплиналар;
- факультативдүү дисциплиналар.

Бул циклдердин милдеттүү дисциплиналарынын көлөмүн жана тизмесин тиешелүү багыттар боюнча магистрдик даярдоонун билим берүү стандарттары аныктайт.

2.2.6 Магистрдин илимий-изилдөө даярдыгы илимий-изилдөө иштеринен, илимий-изилдөө практикасынан, илимий-педагогикалык практикадан жана магистрдик диссертацияны жазуу иштеринен турат.

2.2.7. Окуу пландар адистер тарабынан магистрдик программалардын жетекчилеринин катышуусу менен иштелип чыгат жана тиешелүү багыттагы, профилдеги магистрдик программалардын окуу пландарын түзүү үчүн негиз болуп саналат. Магистрдик программанын окуу планында ар бир циклдин конкреттүү дисциплиналарынын тизмеси камтылган жана илимий-изилдөө иштеринин темасы аныкталат.

## 3. Магистратурага кабыл алуунун жалпы талаптары

3.1 Магистратурада окуу укугуна жогорку билим берүүнүн негизги билим берүү программаларынын бири боюнча окууну ийгиликтүү аяктаган жана жогорку билими (бакалавр, адистик) жөнүндө диплому бар адамдар ээ. Тиешелүү даярдоо профили боюнча бакалавр, адистик квалификациясына жана магистратурага өтүү үчүн мамлекеттик аттестациялык комиссиянын сунуштамаларына ээ болгон адамдар аңгемелешүүнүн негизинде конкурстан тышкары тиешелүү даярдоо профилине кабыл алынат.

3.2 Тиешелүү даярдоо профили эмес боюнча бакалавр, адистикти бүткөндөр тиешелүү профили боюнча экзамен тапшырышат жана алар үчүн бакалаврларды жана адистерди даярдоонун тиешелүү багыттары боюнча магистрлердин базалык кесиптик билимин жана компетенциясын түзүүчү теңдөөчү курстардын өтүүсү каралат. Билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтү ЖКББ НББПнын тиешелүү профиль боюнча магистрлерди даярдоо базалык кесиптик билимин жана компетенциясын түзүүчү теңдөөчү курстарды өздөштүрүүнүн эсебинен жарым жылга узартылат.

3.3 Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды жекече окуу планы боюнча окутууда ЖОЖ билим алуунун тиешелүү формасы үчүн белгиленген мөөнөткө салыштырганда окуу мөөнөтүн узартууга укуктуу.

3.4 Кабыл алуу комиссия кирүү сынактарын жүргүзөт.

3.5 Профилдер боюнча кирүү сынактарын (аңгемелешүү жана экзамен) программанын тиешелүү профили боюнча бакалаврды даярдоонун мамлекеттик билим берүү стандартында каралган деңгээлине ылайык келген багыттардын

жетекчилери аныкташат. Комиссия магистратурага кабыл алууну сунуш кылган же четке каккан чечимдерди кабыл ала алат.

3.6 Магистратурага тапшырууда кирүү сынактарынын формасы жана тизмеси ЖОЖ тарабынан өз алдынча аныкталат. Магистратурага кирүү сынактарын өткөрүү үчүн аттестациялык комиссия түзүлөт. Комиссиянын курамы ректордун буйругу менен бекитилет.

3.7. Конкурска катышууга кирүү сынагынан ийгиликтүү өткөн жана кабыл алуу комиссиясына белгиленген мөөнөттө билими жөнүндө документтердин түп нускасын (көчүрмөлөрүн) тапшырган тапшыруучуларга жол берилет.

3.8 Магистратурага окууга кабыл алуу ректордун буйругу менен багыттын жана программанын аталышын көрсөтүү менен тариздөлөт.

3.9 Магистрантка зачеттук китепче жана студенттик билет берилет.

3.10 Магистратурага тапшыруу үчүн документтердин тизмеси:

1. Ректордун атына арыз:
2. Тиркеме менен жогорку билим жөнүндө диплом (түп нускасы);
3. Сүрөт 3х4 - 6 даана;
4. Паспорттун көчүрмөсү;
5. Кафедранын, деканаттын, аттестациялык комиссиянын сунушу (Эгер бар болсо);
6. Жазуу укугу үчүн төлөм квитанциясы.

3.11 Магистратурага кабыл алуу КР ББжанаИ министерствонун магистрлерди даярдоо укугуна берилген лицензия болгондо жана көз карандысыз агентствосунан аккредитациядан ийгиликтүү өткөндө гана тиешелүү багыттар боюнча магистрлерди кабыл алуу жарыяланат.

3.12. ТалМУнун магистратурасында окуу акы төлөө негизинде жүргүзүлөт.

## 4. Магистрдик даярдыкты уюштуруу

4.1 Магистрдик программаларды ишке ашыруунун шарттары:

- мамлекеттик лицензиянын болушу;
- төмөнкү багыттар боюнча окуу процессин камсыз кылуучу илимий-педагогикалык кадрлардын жалпы санынан илимдердин докторлорунун жана кандидаттарынын 75% дан кем эместигинин болушу;
- мамлекеттик стандарттардын талаптарына ылайык багыт боюнча магистрдик даярдоого ЖОЖдун ичиндеги жалпы талаптардын болушу;
- магистрдик программалар боюнча жумушчу окуу пландарынын болушу;
- ар бир программада сабактардын жумушчу программаларынын болушу;
- ТалМУнун ОМКнын талаптарына ылайык окуу-лабораториялык жабдуулар менен камсыздалышы;

- дисциплиналардын жумушчу программаларында каралган окуу маалымат булактарынын болушу.
4.2 ТалМУнун магистратура бөлүмүндө магистрлерди даярдоо программасынын мазмундук багыты жана максаттуу функциялары менен айырмаланган кесиптик багыттагы магистрдик программалар ишке ашырылат.
4.3 Программанын билим берүү бөлүгү төмөнкүлөрдү камтыйт: табигый, гуманитардык, экономикалык, жалпы кесиптик жана атайын дисциплиналардын кошумча бөлүктөрүн окутуу боюнча лекциялык, практикалык (лабораториялык), семинардык жана өз алдынча сабактарды, ошондой эле кесиптик билим алууга багытталган тандоо боюнча курстарды. Программа бул предметтер боюнча тереңдетип окутат жана жыйынтыктоо түрүндө жыйынтыктоочу экзамендер жана зачеттор түрүндө аттестациялайт.
4.4 Магистратурада программанын милдеттүү сабактарынан тышкары кошумча билим берүү программалары түрүндө кошумча факультативдер, атайын курстар жана семинарлар киргизилиши мүмкүн.
4.5 Кесиптик циклдин дисциплиналары боюнча билим берүү процессине профилдик уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин иштеп жаткан жетекчилеринин жана жетектөөчү кызматкерлеринин ичинен окутуучулар тартылышы мүмкүн.
4.6 Магистрдик диссертациянын коргоосу жана бүтүрүү экзамендери мамлекеттик аттестациялык комиссиянын катышуусунун алдында ачык жүргүзүлөт.
4.7 Магистранттын илимий-изилдөө ишинин мазмуну анын жекече планы менен аныкталат жана төмөнкүлөрдү камтыйт: магистрдик диссертациянын темасы боюнча илимий-изилдөө иштерин, илимий-изилдөө жана илимий-педагогикалык практикаларды, мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын негизинде аттестациялык, квалификациялык иштердин (магистрдик диссертациялардын) жазуусу жана даярдоосу.
4.8 Магистрант программанын илимий бөлүгүн абдан тажрыйбалуу илимдин докторлору жана кандидаттарынын арасынан дайындалган илимий жетекчисинин жетекчилиги аркылуу өздөштүрөт.
4.9 Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу мөөнөтү - 2 жыл (профильдери туура келбегендер үчүн – 2,5 жыл), сырттан жана дистанттык окутуу формасы боюнча - 2,5 жыл (профильдери туура келбегендер үчүн – 3 жыл).
4.10 Дистанттык окутуу формасында милдеттүү сааттарынын саны жумасына 10 сааттан кем эмес. Дистанттык окутуу формасында магистрантка окутуучу менен жылына 120 сааттан кем эмес аудиториялык сабак өтүү мүмкүнчүлүгү камсыз кылынууга тийиш.

4.11. Илимий жетекчинин, консультанттардын окуу жүктөмүнүн көлөмү ТалМУнун ректору тарабынан бекитилген убакыт ченемдер боюнча аныкталат. Университеттин окутуучусу бир эле учурда ар бир курс боюнча (бир адистик боюнча) 5тен ашык магистранттын илимий жетекчиси боло албайт жана экиден ашык адистикти (программаны) жетектей албайт.

## 4. Окуу процессин уюштуруу

5.1 Магистрлерди даярдоонун окуу процессинин түзүмү жана уюштурулушу багыттардын окуу пландары, магистрдик программалардын окуу пландары жана магистранттардын жеке пландары менен жөнгө салынат.

5.2 Окуу процессти уюштуруу үчүн төмөнкү формаларды колдонсо болот:

- магистрдик программа боюнча окуп жаткан магистранттар үчүн топтордогу академиялык сабактар;
- өзүнчө магистрант менен жекече сабактар;
- магистрдик даярдыктын жетекчисинин консультациясы менен дисциплиналарды өз алдынча изилдөө үчүн сабактар;
- топтор 15 адамдан кем эмес комплекттелет.

5.3 Жеке пландар магистрдин кесиптик жана илимий адистигин эске алуу менен анын даярдыгынын мазмунун жана көлөмүн аныктайт.

5.4 Магистранттын жеке планы төмөнкү маселелерди камтыйт:

- окуу иштеринин бардык түрлөрү боюнча окуу убактысын бөлүштүрүү, теориялык жана практикалык сабактардын тизмеси;
- басылмаларды, рефераттарды, докладдарды даярдоо, конференцияларга, семинарларга катышуу, магистрдик диссертациянын темасы жана аны тандоонун негиздемеси.

5.5 Магистрдик диссертациялардын темалары магистратурада окуунун экинчи семестрге чейин бекитилет. Магистрант магистратуранын бөлүмүнүн отурумунда дайыма жеке пландын аткарылышы жөнүндө отчет берип турат жана жыл сайын аттестациядан өтүп турат.

5.6 "Магистранттын жекече план - зачеттук китепчеси" документи түрүндөгү документ ар бир окуп жаткан магистрантка жекече берилет.

5.7 Магистратура бөлүмүндө циклдердин дисциплиналары боюнча сааттардын көлөмдөрү ТалМУнун окуу-методикалык кеңешмесинде бекитилген убакыт ченемдеринин негизинде ар бир магистрлерди эске алуу менен бөлүнөт.

5.8 Студенттер практикадан өтүү үчүн ишканалар, мекемелер же башка уюмдар менен келишим түзүлүшү зарыл.

5.9 Магистрлердин практикасынын бардык түрлөрү илимий изилдөөлөрдүн негизги багыттарына туура келиши зарыл, кафедрадагы илимий-изилдөө

иштерин, илимий-өндүрүштүк иштерди, окутуучулук иш-аракеттерди камтышы керек.

5.10 Окуу процессинин жүрүшүн жана магистранттын жеке планды аткаруусун көзөмөлдөөсү магистрдик программанын жетекчиси жана анын илимий жетекчиси тарабынан ишке ашырылат.

5.11 Окуу жылы ичинде окуу планынын бардык талаптарын толук аткарган магистранттар буйрук менен кийинки курска көчүрүлөт.

5.12. Магистранттар семестрдин ичинде окуудан четтелиши мүмкүн:

- өз каалоосу боюнча, анын ичинде башка окуу жайга которулгандыгына байланыштуу же ден-соолугуна байланыштуу;
- академиялык жетишпегендиги үчүн;
- ТалМУнун Уставында каралган милдеттерди жана ички тартип эрежелерин бусканда;
- себепсиз окуу сабактарын калтырса, эгерде семестр ичинде калтырылган сабактардын жалпы саны окуу убактысы боюнча 72 сааттан ашса.

## 6. Магистрлердин жетекчилиги

6.1 ТалМУда магистратурага жалпы жетекчиликти окуу иштери боюнча проректор ишке ашырат. Университеттин магистратурасынын ишин координациялоону окуу бөлүмү ишке ашырат.

6.2 Бөлүмдүн милдеттери болуп магистранттарды даярдоо боюнча окуу жана уюштуруу-методикалык иштерди пландаштыруу, координациялоо талаптардын бирдиктүү системасын, магистрдик даярдоо программаларынын сапатын баалоо жана ишке ашыруу шарттарын камсыз кылуу, магистратурада окуу процессин уюштурууну өркүндөтүү болуп саналат.

6.3 Конкреттүү багыт боюнча магистрлерди даярдоо программасын тиешелүү профилдеги илимдин докторлорунун же кандидаттарынын ичинен ректордун буйругу менен дайындалган магистрдик программанын жетекчиси жүргүзөт.

6.4 Магистрдик программанын илимий жетекчиси бүтүрүүчү кафедралары менен бирдикте:

- магистрдик программанын Окуу планын иштеп чыгууга катышат;
- окуу дисциплиналарын жана практика программаларын иштеп чыгууга көзөмөл жүргүзөт;
- магистрдик диссертациялардын тематикасына рецензия жана түзөтүүлөрдү жүргүзөт;
- магистранттардын илимий жетекчилеринин ишмердүүлүгүнө жетекчилик кылат.

6.5 Магистрдик программанын жетекчиси бүтүндөй программа боюнча магистранттарды даярдоонун сапаты үчүн жооп берет.
6.6 Ар бир магистрантка ректордун буйругу менен магистрдик программанын тематикасы боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүчү жогорку квалификациялуу адистердин (илимдин докторлорунун же кандидаттарынын) ичинен илимий жетекчи дайындалат.
6.7 Илимий жетекчиси:
- магистрант менен биргеликте магистрдик программанын окуу планынын негизинде магистранттын магистратурага кабыл алынган күндөн тартып эки айдын ичинде анын жекече иш планын түзөт;
- магистранттын жекече планын аткарууга түздөн - түз жетекчилик кылат;
- магистрдик диссертациянын темасын тандоодо магистрантка консультация берет жана диссертацияны даярдоодо жана коргоодо аны жетектейт.
6.8 Жалпы мүнөздөгү көйгөйлүү жана методикалык маселелерди чечүү үчүн магистратуранын туруктуу иштөөчү окуу методикалык кеңеши түзүлөт, анын курамына магистратура боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн расмий өкүлдөрү кирет. Кеңештин отурумдары план боюнча же талкууланып жаткан маселелердин келип чыгышына жараша өткөрүлөт.
6.9. Студенттин аттестациясы - магистрантты иштин илимий-изилдөө бөлүгү боюнча аттестациялоо жеке планга ылайык жүргүзүлөт, мында изилдөө иштерин апробациялоонун жыйынтыктары илимий семинарларда жана конференцияларда доклад же билдирүү жасагандары эске алынат, ошондой эле окуу мезгилинде жарыяланышы же жарыялоого даярдануусу зарыл. Программанын билим берүү бөлүгү боюнча учурдагы аттестация учурдагы экзамендерде, зачеттордо, коргоо долбоорлорунда, рефераттарда, текшерүү иштерде жана текшерүүнүн башка формаларында жүргүзүлөт жана магистранттардын багытынын өзгөчөлүгү жана жеке планы менен аныкталат.

## 7. Окуу процессинин регламенти

Магистрдик даражага коюлган талаптар.
Окутуучулардын укуктары жана милдеттери.
Академиялык жетишпестикти аныктоо эрежелери.
Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясы.
Бул регламент окуу процессинин негизги элементтерин, магистранттардын, профессордук-окутуучулук курамдын жана ТалМУнун администрациясынын өз ара мамилелеринин ченемдерин, ошондой эле аларды жөнгө салуу механизмдерин аныктайт.

## 7.1 Магистрдик даражага коюлган талаптар

Магистрдик программаны аткаруу үчүн магистрант экзамендерди тапшырып, милдеттүү курстарды, илимий семинарларды, атайын курстарды камтыган окуу программасында каралган бардык курстар боюнча экзамендерди ийгиликтүү тапшырылышы зарыл жана магистрдик диссертацияны коргошу зарыл. Окуу программасы өзгөрүлүшү да мүмкүн.

## 7.2 Магистранттардын жана окутуучулардын укуктары жана милдеттери

7.2.1 Окутуучулар курсту окуй башталганга чейин магистратура бөлүмүнө жумушчу программаларды (силлабус) жана окулуучу курстардын ОМК беришет. Мугалимдер, мүмкүн болушунча, жарыяланган программадан, айрыкча, милдеттүү курстардан өзгөчө айырбаланышы зарыл.

7.2.2 Магистранттарга алардын ар бирине мүмкүнчүлүк берүү жолу менен окутуу үчүн жагымдуу шарттар түзүлөт: окуу процессинин алкагында китепкананы жана лабораторияларды, электрондук китепкананы, ресурстук борборлорду, интернет-класстарды ушул бөлүмдөрдүн кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануу эрежелерине ылайык пайдалануу;

7.2.3 Магистранттар регламентте белгиленген талаптарды жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн администрациясынын буйруктарын аткарууга милдеттүү.

7.2.4 Окутуучулардын милдети - окулган предметтер жана илимий-изилдөө иштерине байланыштуу маселелер боюнча үзгүлтүксүз консультацияларга убакыт бөлүү.

7.2.5 Мугалимдер жумушчу программаларды түзүү үчүн жооптуу.

7.2.6 Окутулуп жаткан дисциплиналарды аттестациялоо үчүн магистранттарга зарыл болгон талаптарды мугалим белгилейт. Бул талаптар силлабуста так көрсөтүлүшү зарыл. Окутулуп жаткан предметтердин силлабустары окуунун башталышында эле магистранттарга таратылат. Жарыяланган талаптар окуу жылы ичинде кайра каралышы мүмкүн эмес.

7.2.7 Магистрдик иштерди жетектеген окутуучулар магистранттардын иштеринин тариздөөнүн кабыл алынган жалпы эрежелерин сактоосун көзөмөлдөшөт.

7.2.8. Магистранттын илимий жетекчиси магистрант менен бирдикте магистрдин жекече планын түзөт жана анын аткарылышына системалдуу көзөмөл жүргүзөт.

## 7.3 Академиялык жетишпестикти аныктоо эрежелери

7.3.1. Предметтер боюнча жыйынтыктоочу баа төмөнкү документтерден турат:

- текшерүү иштер, өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар ж.б.;

- жыйынтыктоочу зачеттор.

7.3.2 Зачет, экзамен албаган жана ишти аткарбаган магистрант окуудан жетишпеген деп эсептелинет.

7.3.3 Курстар боюнча жыйынтыктоочу экзамендер экзамендик сессия аяктагандан кийин өткөрүлөт. Жыйынтыктоочу экзамендин формасы силлабус же ОМКке ылайык жүргүзүлөт.

7.3.4 Семестрде окулган ар бир курс боюнча баалар 5 баллдык система боюнча жүргүзүлөт. Себепсиз тапшырбай калган текшерүү иштер жана тапшырмалар "эки" (же канааттандырарлык эмес) деген баага бааланат. Зачеттук китепчеге жана дипломго 5 баллдык система боюнча баа коюлат.

7.3.5 Бардык сабактар боюнча канааттандырарлык бааларды алган жана окуу планында каралган зачетторду, экзамендерди тапшырган магистранттар академиялык жактан жетишкендер деп эсептелет.

7.3.6 Өз убагында экзаменге жүйөлүү себептер менен келе албай калган магистранттар карызын окуу жылынын аягына чейин (которуу рапортуна чейин) тапшырууга мүмкүнчүлүк ала алат.

7.3.7 Эгерде магистрантта экзаменде алган баалары боюнча суроолору болсо, анда ал окутуучудан себебин сураганга же магистратура бөлүмүнүн жетекчисине кайрылууга укуктуу.

7.3.8 Магистратурада окуп жаткандарга ВККнын бардык документтери жана корутундусу болгон учурда ден соолугу боюнча академиялык өргүү берилиши мүмкүн.

7.3.9 Магистратура бөлүмүнүн башчысынын макулдугу, магистранттын арызы боюнча ректордун буйругу менен магистранттын бир жогорку окуу жайынын магистратурасынан башка жогорку окуу жайынын магистратурасына, ошондой эле күндүзгү окуу магистратурадан сырттан окуу магистратурага жана тескерисинче которуусу ишке ашырылат. Которулган учурда тапшырылган экзамендер, зачеттор жана жекече пландын аткарылышы жөнүндө маалымкат берилет.

7.3.10. Белгиленген мөөнөттө жекече планда пландаштырылган окуу жана илимий-изилдөө иштеринин этаптарын себептерсиз аткарбаган магистранттар жетекчисинин сунушу боюнча жана ректордун буйругу менен магистратурадан чектелет, бардык магистранттарга ЖОЖдор үчүн белгиленген бардык эрежелер жана жоболор жайылтылат.

## 7.4. Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясы

7.4.1 Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыгынын деңгээлинин ЖКББ МБС талаптарына ылайык келишин аныктоого

багытталган жана магистрант тарабынан анын жеке окуу планын аткаруунун сапатын баалоонун акыркы этабы болуп саналат.
7.4.2 Магистратурада жыйынтыктоочу аттестациясы адистик предметтери боюнча бүтүрүү экзамендери, ошондой эле магистрдик диссертациянын мамлекеттик аттестациялык комиссиясынын алдында коргоо түрүндө өткөрүлөт.
7.4.3 Университеттин ректорунун буйругу менен магистратурада жекече окуу планын ийгиликтүү аткарган магистранттар тандалган адистик боюнча мамлекеттик квалификациялык экзамен тапшырууга жана магистр академиялык даражасын алуу үчүн магистрдик диссертацияны коргоого уруксат берилет.
7.4.4 Магистрдик диссертация - бардык окуу мезгилинде теориялык билимдердин жана көндүмдөрдүн негизинде жана илимий - изилдөө иштерин аткарууда аткарылган толук өз алдынча илимий изилдөөнү камтыган квалификациялык иш болуп саналат. Эгерде диссертациялык иш дисциплиналар аралык мүнөзгө ээ болсо, анда магистратура бөлүмү диссертациянын айрым бөлүмдөрү боюнча илимий консультанттарды чакырууга укугу берилет.

7.4.5 Автореферат, кафедранын рекомендациясын алган эки жарыяланган макала, жетекчинин кеңейтилген пикири, эки рецензия болгон учурда гана магистрдик диссертацияны коргоого уруксат берилет.
7.4.6 Магистрдик диссертация диссертациялык иштерди тариздөөнүн эрежелери боюнча тариздетет (Магистрдик диссертацияны жазуу жана тариздөө жөнүндө жобого ылайык) жана түзүмдүк бөлүмдөрдө 5 жылдан кем эмес сакталууга тийиш. Мындан тышкары, магистрант тарабынан магистрдик диссертациянын авторефераты тариздетет (Жобого ылайык).
7.4.7 Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби аны өткөрүү мөөнөтүнөн 2 ай мурун магистранттарга эскертилет.
7.4.8 Илимий жетекчинин пикири жана тышкы рецензиясы менен даярдалган магистрдик диссертация магистрант тарабынан коргоого чейин 10 күндөн кечиктирилбестен магистратура бөлүмүнө тапшырылат. Магистратура жетекчиси магистрдик диссертацияны МАК ка коргоого уруксат берет.
7.4.9 Магистрдик диссертацияны коргоо жана акыркы экзамендерди тапшыруу мамлекеттик аттестациялык комиссиянын алдында ачык жүргүзүлөт. Коргоонун жыйынтыгы боюнча дифференцирленген баа коюлат.
7.4.10 Мамлекеттик аттестациялык комиссиясы КР Билим берүү министрлиги тарабынан бекитилет. Экзамендердин жана диссертациялык ишти коргоонун жыйынтыктары протокол менен бекитилет.
7.4.11 Тандап алган багыты жана адистиги боюнча кесиптик билим берүү программасы боюнча жеке планды толугу менен аткарган магистранттарга багытын, профилин көрсөтүү менен <<Магистр>> академиялык даражасы ыйгарылат жана мамлекеттик үлгүдөгү магистр диплому берилет, анда

магистрант окуган бардык сабактар жана алар боюнча алынган баалар көрсөтүлөт, ошондой эле магистрдик диссертациянын темасы аны коргоонун жыйынтыктары менен көрсөтүлөт.

7.4.12 Программаны аяктаган, бирок магистрдик ишти коргобогон магистранттар магистрдик программаны аяктагандыгы жөнүндө маалымкат алышат. Окууну аяктагандан кийин бир жылдын ичинде магистрдик ишти коргогон студенттерге маалымкат дипломго алмаштырылат.

7.4.13 Жалпы орточо баллы 4,75 тен (5 баллдык шкала боюнча) төмөн болбогон, мамлекеттик аттестациядан өткөн жана магистрдик диссертациясын "эң жакшы" деп коргогон магистранттар артыкчылык диплому менен диплом алышат.

7.4.14. Мамлекеттик аттестациядан өткөн жана "эң жакшы" деген магистрдик диссертациясын жактаган магистранттарга аспирантурага окууга сунушталат. Бүтүрүүчү экзамендердин жыйынтыгы магистранттын илимий жетекчиси жана магистрдик программанын жетекчисинин өтүнүчү боюнча аспирантурага кирүү экзамени катары эсептелиши мүмкүн.